XIX кылымда Ош шаарынын тургундары кимдер болгон деген суроого жооп берүү милдети алдыда тургандыгына байланыштуу бул мезгилге чейинки изилдөөлөргө кайрылууга туура келип олтурат. В.Галицкий менен В.Плоскихтин "Старинный Ош" (Издательство "Илим" Фрунзе 1987) атуу китебинде шаардын тургундары тууралуу маалыматтар өтө эле аз экендигин өзгөчө белгилешет да ошол мезгилде бул аймакка келип кеткен кээ бир соодагерлердин, саякатчылардын жазып калтырган эскерүүлөрү боюнча өздөрүнүн жыйынтыктарын чыгарышат. Авторлордун негизги ойлору Кокон хандыгынын мезгилиндеги шаардын абалы, курулушу, анын айланасындагы отурукташкан кыргыздар жана тургундардын чарбачылыгы жана ж.б. маселелерге бурулган. Анда эмесе бул китептеги маалыматтарга кыскача токтолуп өтүүгө туура келет.

ХУШ кылымдын орто ченинде Ош шаары кыргыз феодалдарынын убактылуу келип-кетип турган жайы болгон. Кыргыздар көбүнчө кышындасы шаарда кыштап, жерди жаз алды иштетишип, жайындасы малын айдап тоо тарапка көчүп кеткендигин баса белгилейт. Анткени ал жылдары шаардын коргонуучу дубалдары болгон эмес. Бирок археологиялык жазуулар боюнча изилдегенде шаардын түштүк-батыш тарабында Алай багытына караган кандайдыр бир чеп болгон. Ал эми кээ бир жазма эстеликтер Оштон бир фарсанг жол алыстыкта турган Мадыдагы чеп жөнүндө баян кылышат. Мындан башка мусулман жыл эсеби боюнча 1275-жылы (1858-1859) Ошко жакын турган Лангар жерине башка бир чеп курулат. Ал эми Ош шаары болсо бул мезгилде бир колдон экинчи колго өтүп, алмашкан бийлик башындагылардын карамагында болуп турган.

ХУШ кылымдын 70-жылдарында Ош шаарында биринчи орус саякатчысы унтер-офицер Филип Ефремов болгон. "Эрксиз жолоочу" шаарлардын ортосундагы аралыктарга өзгөчө көңүл бурат. Оштон Маргаланга чейин 3 күндүк жол,-деп жазат Ф.Ефремов,-Оштон Кашкарга чейин 13 күндүк жол. Ошондой эле кыргыздар Кокон хандыгына баш ийишпей тургандыгын

да, эстетикалык жагынан да Ош шаары кыргыздардын шаары экендиги жөнүндө кабарлар бар, Кокон жазмасы "Миротул_Фтух" китебинин автору, мисалы кыргыздардын жана кыпчактардын мекени "Андижан жана Оштун айланасында болгон" деп белгилейт. Кокондон Кашкарды карай өткөн соода жолун кыргыздар тескөөгө алышып, өздөрүнүн жери аркылуу



өткөн кербендерден пошлина алып турушкан. "Кашгарга Ош аркылуу өткөн бардык жолдор коркунучсуз, аларды номад-кыпчактар кайтарып турушат" деп А.П.Хорошкин бекеринен жазбаган чыгаар. Ошондуктан XIX кылымдын 70-жылдарында Орто Азиялык баяндамачы-

Ал эми кээ бир жазма эстеликтерге караганда Кыргызстандын түштүгүндө күрүч эгип-өстүрүү маданияты дал ушул Оштон башталганын билүүгө болот. 1762-жылы Кокон башкаруучусу Ирдана шаарды басып алгандан кийин бул жерге шалы эгип өстүрүү үчүн 50 үй-бүлөлүү колонисттерди жөнөткөн. Көчүп келген өзбектерден шалы плантациясын иштетүү тажрыйбасын үйрөнгөн кыргыздар да шалы эгип-өстүрүүнү ийгиликтүү улантышкан.

Пахта эң негизги техникалык маданият катары XIX кылымдан баштап Оштун тегерегинде эгиле баштаган. 1877-жылы жана кийинки Кокон хандыгы кулаган жылы бул жерден 6,2 миң пуд, башкача айтканда 200 тонна пахта өндүрүлгөн, бул ошол мезгилге салыштырмалуу абдан жогорку түшүм алуу болучу.

Мындан башка көпчүлүк үй-бүлөлөр Ошто жибек куртун кармашкан. Жибек түрүүчү кол өнөрчүлөр хан казынасына өндүрүлгөн буюм түрүндө салык төлөп турууга милдеттүү болгон. Кокон хандыгынын документтеринде "жибек түрүүчүлөрдөн бөлөк" катары өзгөчө белгиленген.

Транспорт жана жумушчу күчү катары жумушчу аттар, өгүздөр кызмат кылган. Ал эми көпчүлүк шаар тургундары кой кармашкан.

Кыргыздардын общиналык жана жеке менчик жерге ээ болуу өзгөчөлөнүү процесси Кокон хандыгы мезгилинде башталып, ал айрыкча шаарларда активдүү түрдө жүргүзүлө баштаган. Дал мына ушуга мүнөздүү мусулман жылы боюнча 1254 (1838) мурунку общиналык жердин Ош шаарындагы чоң бөлүгүн белгисиз Муллабай Ахун Нарботобайдын жеке ээлигине өткөрүп берүү жөнүндөгү документ сакталып калган. Анда мындай деп жазылган:

берилген салык алынбай турган жер түрүндө өткөрүп беришкен.

Ош шаары байыртан бери эле Чыгыш Ферғананын дыйкандары менен анын айланасындагы тоолордо жана Алайда жашаган малчы- көчмөндөр менен товарларды алмашуунун борбору болгон. Шаарда бир нече базар болгон: мал базар, жашылча базардан базар, айран-сүт базар, кой базар, эт базар ж.б. Мындан башка усталар, кол өнөрчүлөр, уздар өздөрүнүн темир, жыгач буюмдарын, жүндөн, териден жасалган буюм-тайымдарын да базарга алып чыккан. Ошондой эле кулдарды, колго түшкөн эрксиздерди саткан да базар болгондугун болжолдоого болот.

Ош ар тараптан келген тогуз жолдун тоому болгондугу менен даңкталган. Ош аркылуу өткөн соода кербендерин текшерген таможнялар болуп, соода пошлиналарын төлөөгө аргасыз болуп турушкан. XIX кылымдын башында Кокон хандыгына келген сибирлик казак Максимов Кокон хандыгы менен жаштардын ортосундагы соода-сатык иштеринде Ош шаарынын мааниси зор экендигин белгилейт.

Фергана өрөөнүндөгү шаарлардын ичинен кичинелигине карабай Андижан аркылуу көчмөн кыргыздардын жерлерин аралап өткөн Кокон—Кашгар жолунун боюндагы негизги түйүндүү жерге орношкон Ош шаары четки шаарлар менен кеңири масштабда соода-сатык иштерин жүргүзгөн. Ф.Ефремовдун жазганы боюнча бул жерге хивалык, бухаралык, ташкенттик жана башка орто азиялык көпөстөр келип, алар Кашгар товарларын, орто азиялык кол өнөрчүлөрдүн буюмдарын, кыргыздардын малын арзан баада сатып алып кетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан.

Ош шаарында пошлина төлөнгөндөн кийин алып келинген товарлар шаарда, анын айланасындагы айыл-кыштактарда өтпөй туруп калса, анда мындан ары товарларды Наманганга, Коконго чейин алып барып сатышкан.

Ч.Валихановдун чогулткан материалдарынын берген маалыматтарына караганда XIX кылымдын 30-жылдарында Ош чек ара таможнясы аркылуу ар жылы чай жүктөгөн 50дөн 80 миңге чейин атка

# ОШ XIX КЫЛЫМДА

